**Мектептин директорунун функционалдык милдеттери**

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» жана «Мугалимдин статусу жөнүндө» мыйзамдарын, жалпы орто билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларын сактап, ишке ашырат;

- билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органынын макулдугу боюнча педагогикалык кенеш менен бирдикте мектептин негизги өнүгүү багыттарын аныктап, ишке ашырат;

- жарандардын жалпы орто билим алуу зарылчылыктарын канааттандырат;

- административдик-аткаруу органдарында жана башка мекемелерде мектептин укуктарын жана кызыкчылыктарын көздөйт жана коргойт;

- мугалимдерди жана техникалык персоналды тандоону жана жайгаштырууну жүргүзөт, педагогикалык кеңештин ишин жетектейт;

- билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы менен макулдашылган окуу планын мугалимдер менен бирдикте жүзөгө ашырат;

- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана негизги жалпы билим берү программаларынын чегинде окуучулардын билимдеринин жеткиликтүүлүгүн жана сапаттуулугун камсыз кылат;

- класстан тышкары иштердин мазмуну аркылуу окуучуларды тарбиялоо ишин камсыздайт жана көзөмөлдөйт;

- мугалимдердин дасыктыктарын жогорулатууга жана алардын кесиптик өсүшүнө шарттарды түзөт, ошондой эле алардын аттестациясын өткөрөт;

- билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтерин тапшырууну уюштурат жана аларды даярдоо үчүн бүтүрүүчүлөр жөнүндө тапшырылуучу маалыматын тактыгын камсыздайт жана жооп тартат;

- балалыкты коргоо, жашы жетпегендердин укуктарын жана кызыкчылыктарын сактоо боюнча талаптарды көзөмөлдөйт жана сактайт;

- мектептин каржылык-чарбачылык ишин жетектейт жана көзөмөлдөйт;

- гранттардын жана инвестициялардын, ата-энелердин өз эрки менен тапшырган төгүмдөрүн, анын ичинде кошумча билим берүү кызматынын

тъшкөн кирешелерди натыйжалуу пайдаланууну көзөмөлдөйт жана жекече түрдө жооп берет;

- мектептин материалдык-техникалык базасын эсепке алуу жана сактоо, техникалык коопсуздугун жана санитардык-тазалык режимин сактоо, окуучулардын жана кызматкерлердин эмгегин коргоо үчүн жооптуу болот жана алар үчүн жооп тартат;

- жетектеген мектепте өрткө каршы коопсуздук боюнча, ошондой эле окуу учурунда окуучулардын жана кызматкерлердин өмүрлөрүнө жана ден-соолуктарына коркунуч келтирген же алардын өлүмүнө алып келген учурлардын татаалдыгына жана күнөөсүнүн денгээлине жараша Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартиптик, админстрациялык жана кылмыш жоопкерчилигин жекече түрдө тартат;

- кызматтык милдеттерге, мектептин Уставына жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык башка да милдеттерди аткарат.